**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛ ОКМОТ**
**ТИЛЕКТЕШСКОГО АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясынын**

# Т О К Т О М У

23.07.2026. № 22/8 Жаңы-Турмуш айылы

**Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Аюу-Тапан айылында жайгашкан аянты 8000 чарчы метр болгон мурунку пионер лагеринин жерин, Алай райондук сотунун 2026-жылдын 24-апрелиндеги №ГД-253/26-О1 чечимине ылайык, жер тилкесин муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесин, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 27-34-беренелерин жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн орун басары Г.Мадаевдин Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Аюу-Тапан айылынында жайгашкан аянты 8000 чарчы метр болгон мурунку пионер лагериинин жерин, Алай райондук сотунун 2026-жылдын 24-апрелиндеги №ГД-253/26-О1 чечимине ылайык, жер тилкесин муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап, Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин **VIII** чакырылышынын кезектеги **XXII** сессиясы **токтом кылат**:

1. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Аюу-Тапан айылынында жайгашкан аянты 8000 чарчы метр болгон мурунку пионер лагеринин жерин, Алай райондук сотунун 2026-жылдын 24-апрелиндеги №ГД-253/26-О1 чечимине ылайык, жер тилкесин мыйзамдарда белгиленген тартипте муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.
2. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына:
   - Жер тилкесинин укуктук макамын аныктоо;
   - Муниципалдык менчик укугун мамлеккеттик каттоодон өткөрүү;
   - Муниципалдык мүлктүн реестрине киргизүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү тапшырылсын.
3. Муниципалдык менчик укугу мамлекеттик каттоодон өткөрүлгөндөн кийин жер тилкесин инвестициялык долбоорду ишке ашыруу максатында, мыйзамдарда белгиленген тартипте пайдалануу маселеси айылдык кеңештин кароосуна киргизилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин агрардык маселелер жана жер реформасы боюнча комиссиясына жүктөлсүн.
5. Ушул токтом расмий жарыялангандан кийин күчүнө кирсин.

**Төрага** **К. Төрөшев**